**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ атындагы ИАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
|---|---|
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| _______________ Ж.Ж.Усубалиева | _______________ К.О.Омурова |
| "_5_" _09_______ 2025 г. | "___" _09_______ 2025 г. |

**ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕГИ КОМПЕТЕНТТҮҮ МАМИЛЕ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ**

Даярдоонун багыты 550700 « Педагогика »

Даярдоонун профили: Башталгыч билим берүү

Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр

Окутуу формасы: күндүзгү, аралыктан (дистанттык)

**Нарын -2025**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы No 1578/1 буйругу менен бекитилген 550700 «Педагогика» программасы боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн.

Жумушчу программаны түзгөн п.и.к.______________М.К.Асанкулова

**"Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»**
«_8_» ___08___ 2025 жылдын №_2._ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент_______________ Э.О. Бектурова

НББП жетекчиси, пик., доцент _______________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «_4_» _сентябрь_ 2025 жылдын №_2_ протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. _______________ Г.О. Эсеналиева

**МАЗМУНУ**

1. Аннотация ……………………………………………………………………...4

2. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери…………………5

3. НББПнын түзүмүндөгү окуу дисциплинасынын орду ……………………...5

4. Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары …………6

5. Окуу дисциплинасынын мазмуну жана түзүмү ……………………………12

5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү ……………………………………….…...12

5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну ……………………..13

5.3. Окуу дисциплинасынын мазмуну …………………………………………13

6. Билим берүү технологиялары ……………………………………………17

6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары.17

6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары …………………………………………………………………18

7. Жетишүүнү күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенцияларды баалоочу каражаттар ……………………………………………………………………19

8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу ……………………………………………………………………..19

9. Калтырылган сабактарды кайра тапшыруунун түрлөрү,формалары...........25

10. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоосу ……….25

11. Окуу дисциплинасынын материалдык-техникалык камсыздоосу ………26

12. Окуу-усулдук камсыздоонун тизмеси ……………………………………..26

13. Тиркемелер……………………………………………………………...27

## 1. АННОТАЦИЯ

«**Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле**» дисциплинасы 550700 – Педагогикалык билим берүү багытынын **"Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы", "Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн методикасы"** профилинин окуу планынын **тандоо курстарында** (коду: В-6.05.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн саттардын жалпы саны – 120, аудиториялык сааттар – 64, анын ичинде дарс – 32, семинардык сабак – 32 саатты түзөт. Ал эми 56 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 4 кредитти түзөт. Курс 4-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (зачеттук бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. Иш | | |
| В-6.05. | 4 | 4 | 120 | 32 | 32 | - | 56 | экзамен |

Кыскача мазмуну: Киришүү. Окутуунун жаңы парадигмалары, негизги компетенциялар.Билим берүүдөгү компетенттүү мамиле. Окутуунун жаңы парадигмалары. Компетенттүү мамиленин тарыхынан. Мектеп мугалимининин имиджи. Кеп жана коммуникативдик каражаттар. Мотив.Түйүндүү компетенциянын жети тобу. Эмоционалдык компетенттүүлүктүн түзүлүшү. Рефлекциялоо ишмердүүлүгү.Мектеп мугалиминин креативдүүлүгү. Баалуулук Коммуникативдүүлүк. Баалоо жана мугалимдин баалоо компетенттүүлүгү. Мугалимдин өзүн-өзү баалоосу. Класстык сабак- окутуу ишин уюштуруунун негизги формасы

## 2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Курстун **предмети**- «Тарбиялоо процессинде компетенттүү мамиле» компетенция жана компетентүүлүк боюнча алгачкы түшүнүктөрдү берүү менен жалпы-илимий, социалдык-маданий инсандык, инструменталдык, кесиптик компетенциялардын түйүндүү түшүнүктөрүнө токтолот.

Учурда бүткүл дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде окуучу ээ болуп чыга турган негизги компетенцияларды (ключевые компетенции) студенттерге тааныштыруу.

Окутуу-тарбиялоо процессинде окуучуларга компетенттүү мамиле кылууда окуучунун жана мугалимдин ролу жөнүндө түшүнүк берилет.

### 1.2. Дисциплинаны окутуунун максаты:

- Тарбиялоо процессиндеги жана окуу процессиндеги мугалимдин компетенттүүлүгү жөнүндө түшүнүк алышат
- Окуп үйрөнүү жана таанымдык (таанып билүүчүлүк) компетенциялар,Жалпы илимий компетенция, шаймандык компетенция, социалдык-инсандык, маданий компетенциялар, коммуникативдик компетенциялар, кесиптик компетенциялар менен тааныштыруу.
- Сабактын өтүлүшү, сабактын структурасы, студенттердин өз алдынча ойлом маданиятын, өз алдынча чечүү иш аракетин стимулдаштыруу аркылуу аларды өзүнүн инсанын жана коом турмушун өнүктүрүүнү калыптоо

**1.3.Дисциплинаны окутуунун милдеттери:**

- Билим берүүнүн мыйзамдарынын жана талабынын негизинде билим алууну уюштуруу;
- Билим берүү процессиндеги жана технологиядагы жаңылыктар менен тааныштыруу, колдоно билүү;
- Келечектеги мугалимдин маданиятын, рефлекциясын өстүрүү менен креактивдүүлүгүн өнүктүрүү;
- Студенттин өз кесибине болгон кызыгуусун чыгармачыл өнүктүрүү;

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле» дисциплинасы **550700** – Педагогика багытынын **“Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы”, “Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн методикасы”** профилинин окуу планында **тандоо курстарында** (коду: В-6.05.) орун алган. «Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле » окуу дисциплинасы катары студенттердин компетенция жөнүндөгү билимдерин жалпылаштырат.

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар**

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредиттерде | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|---|
| ППМ. 2.1. | Психология | 1,2,3,4 | 3,3,2,2 | ШК-1 |
| ППМ. 2.2. | Педагогика | 1, 2, 3,4 | 3,3,2,2 | ЖИК-1; ЖИК-2; ШК-2; ШК-3; ШК-5; КК-4 |
| Б.4.5. | Балдар риторикасы жана дүйнөлүк көркөм маданият | 3 | 2 | ЖИК-5; ШК-2; ШК-5; КК-11 |
| Б.4.8. | Орус тилинин практикалык курсу | 3 | 3 | ЖИК-2; ШК-2; ШК-3; ШК-5; КК-4 |

«Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле» дисциплинасын окуп-үйрөнүп аягына чыккан соң студенттер билимдерди гана алышпастан, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруулары, ошондой эле өзүнө-өзү баа берүү жана анализдөө, рефлексиялоо билгичтиктерине ээ болуулары да тийиш.

Курсту окуп-үйрөнүүнүн, өздөштүрүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөрдү өздөштүрүүгө тийиш:

- ✓ Билим берүүнүн мыйзамдарынын жана талабынын негизинде билим берүүнү уюштуруу;
- ✓ Билим берүү процессиндеги жана технологиядагы жаңылыктар менен таанышуу, маалымат ала билүү, топтоштуруу, анализдөө, колдоно билүү;
- ✓ Сабакка анализ жасоо, өздүк анализ түзүү, рефлексия кыла билүү, сабактын конспектисин анализдөө;
- ✓ Келечектеги мугалимдин маданиятын, рефлекциясын өстүрүү менен креактивдүүлүгүн өнүктүрүү;

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550700** – Педагогика багытынын **“Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы”, “Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн методикасы”** профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык, жалпы илимий (ЖИК), шаймандык (ШК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. “Тарбиялоо процессинде компетенттүү мамиле” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**3-жадыбал. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар**

| Коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| КК-6 | Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планга ылайык предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү; |
| ИК-2 | Ишмердүүлүк жана билим алуу жаатындагы татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана колдонууга жөндөмдүү. |
| АКК-1 | АКК-1- Тарыхый педагогикалык, элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо менен, маданий жана илимий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү жөндөмүнө ээ, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнөт, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын карманат; |

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде

калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**4-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү**

| Коду | Компетенциянын аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| КК-6 | Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (КК -6); | Билет | Өтүлгөн сабактарын анализдөөнү, өзүнө анализ берүүнү билет |
| | | Кыла алат: | Программанын жана окуу планынын негизинде сабактарды планын түзө алат; |
| | | Ээ болот | Кесиптик өзгөчөлүккө, предметтердин талабына жана сабактын тибине жараша пландоо жөндөмдүүлүгүнө ээ |
| ИК-2 | Ишмердүүлүк жана билим алуу жаатындагы татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана колдонууга жөндөмдүү. | Билет | Маалымат булактарын (китеп, журнал, маалымат каражаттары, интернет ресурстары) интернет аркылуу жана башка ресурстардан алуунун жолдорун темага жараша издөөнү билет |
| | | Кыла алат: | Өз алдынча маалыматтарды издеп, топтоп, сорттоп, анализдейт жана жаңы технологияларды колдоно алат. |
| | | Ээ болот | Ишмердүүлүк жана билим алуу жаатындагы татаал маселелерди чечүү үчүн жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана колдонууга жөндөмдүү. |
| **АКК-1:** | Тарыхый педагогикалык, элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо менен, маданий жана илимий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү жөндөмүнө ээ, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн | **Билет:** | Тарыхый педагогикалык мурастардын, элдик салттардын маанисин, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын өнүгүү факторлорун билет. |
| | | **Кыла алат:** | Маданий жана илимий баалуулуктарды сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттерди уюштура алат, педагогикалык процессте аларды колдоно алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнөт, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын карманат. | **Ээ болот:** | Мекенчилдикке, активдүү жарандык позицияга ээ болот жана маданий мурастарга аяр мамиле жасоо көндүмдөрүнө ээ болот. |

Дисциплинаны өздөштүрүү аяктаган соң студенттер ар бир компетенциялар боюнча конкреттүү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүлөрү тийиш. Ар бир күтүлүүчү натыйжа конкреттүү көндүмдөрдү билүүнү, колдоно билүүнү, аларга ээ болууну камтыйт. Бул көрсөткүчтөр 5-жадыбалда чечмеленип берилди.

**5-жадыбал. Окуучунун дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялары**

| **Компетенциянын коду жана аталышы** | **Компетенциянын түзүүчүлөрү** | **Калыптангандык деңгээлдери** | **Деңгээлдерди өздөштүрүүнүн негизги белгилери – дескрипторлор (натыйжага жетишүү көрсөткүчтөрү)** |
|---|---|---|---|
| Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана илимий планга ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (КК -6); | билет: Өтүлгөн сабактарын анализдөөнү, өзүнө анализ берүүнү билет | 1-деңгээл (баштапкы) | Өтүлгөн сабактарга анализ берүүнү билет |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Өзүнө анализ жүргүзө алат |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Сабактарды анализдөөнү, өзүнө анализ берүүнү билет |
| | Кыла алат: Программанын жана окуу планынын негизинде сабактардын планын түзө алат; | 1-деңгээл (баштапкы) | Сабактардын планын түзө алат; |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Окуу планынын негизинде сабактарды планын түзө алат; |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Программанын жана окуу планынын негизинде сабактардын планын түзө алат; |
| | Ээ болот: | 1-деңгээл | Сабактардын тибин, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Кесиптик өзгөчөлүккө, предметтердин талабына жана сабактын тибине жараша пландоо жөндөмдүүлүгүнө ээ | (баштапкы) | структурасын билет |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Сабактардын тибине жараша сабактын структурасын түзөт |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Предметтердин талабына жана сабактын тибине жараша пландоо жөндөмдүүлүгүнө ээ |
| ИК-2; Ишмердүүлүк жана билим алуу жаатындагы татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана колдонууга жөндөмдүү. | билет: Маалымат булактарын (китеп, журнал, маалымат каражаттары, интернет ресурстары) интернет аркылуу жана башка ресурстардан алуунун жолдорун темага жараша издөөнү билет | 1-деңгээл (баштапкы) | Маалымат булактарын интернеттен алуунун жолдорун билет |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Маалымат булактарын (китеп, журнал, маалымат каражаттары, интернет аркылуу жана башка ресурстардан алуунун жолдорун билет |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Маалымат булактарын (китеп, журнал, маалымат каражаттары, интернет ресурстары) интернет аркылуу жана башка ресурстардан алуунун жолдорун темага жараша издөөнү билет |
| | Кыла алат: Өз алдынча маалыматтарды издеп, топтоп, сорттоп, анализдейт жана жаңы технологияларды колдоно алат. | 1-деңгээл (баштапкы) | Өз алдынча маалыматтарды издей алат. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Өз алдынча маалыматтарды издеп, топтоп, сорттой алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Өз алдынча маалыматтарды издеп, топтоп, сорттоп, анализдейт жана жаңы технологияларды колдоно алат. |
| | Ээ болот: Ишмердүүлүк | 1-деңгээл (баштапкы) | Таатал маселерлерди блокторго бөлөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана билим алуу жаатындагы татаал маселелерди чечүү үчүн жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана колдонууга жөндөмдүү. | 2-деңгээл (ортоңку) | Таатал маселерледи блокторго бөлүү менен милдеттерди бөлүштүрөт |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктооч у) | Ишмердүүлүк жана билим алуу жаатындагы татаал маселелерди чечүү үчүн жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана колдонууга жөндөмдүү. |
| АКК-1<br><br>Тарыхый педагогикалык, элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо менен, маданий жана илимий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү жөндөмүнө ээ, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнөт, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын карманат. | Билет: Тарыхый педагогикалык мурастардын, элдик салттардын маанисин, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрү н жана анын өнүгүү факторлорун билет | 1-деңгээл (баштапкы): | Тарыхый педагогикалык мурастар жана элдик салттар тууралуу негизги түшүнүктөрдү билет. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку): | Тарыхый педагогикалык мурастардын жана элдик салттардын маанисин түшүнөт, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн билет. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктооч у): | Тарыхый педагогикалык мурастардын, элдик салттардын маанисин терең түшүнөт, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын өнүгүү факторлорун системалуу билет. |
| | Кыла алат: Маданий жана илимий баалуулуктарды сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттерди уюштура алат, педагогикалык процессте аларды колдоно алат | 1-деңгээл (баштапкы): | Маданий жана илимий баалуулуктарга байланышкан айрым иш-аракеттерге катыша алат жана аларды педагогикалык процессте жарым-жартылай колдоно алат. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку): | Маданий жана илимий баалуулуктарды сактоого багытталган иш-аракеттерди уюштура алат жана педагогикалык процессте |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | максаттуу колдоно алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу): | Маданий жана илимий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү боюнча иш-аракеттерди өз алдынча жана натыйжалуу уюштуруп, педагогикалык процессте системалуу түрдө колдоно алат. |
| | Ээ болот: Мекенчилдикке, активдүү жарандык позицияга ээ болот жана маданий мурастарга аяр мамиле жасоо көндүмдөрүнө ээ болот | 1-деңгээл (баштапкы): | Мекенчилдик жана жарандык позиция тууралуу түшүнүккө ээ болот, маданий мурастарга аяр мамиле жасоонун баштапкы көндүмдөрүнө ээ болот. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку): | Мекенчилдик жана активдүү жарандык позицияны көрсөтөт, маданий мурастарга аяр мамиле жасоо көндүмдөрүн практикалык ишмердүүлүктө колдоно алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу): | Мекенчилдикти жана активдүү жарандык позицияны туруктуу карманат, маданий мурастарга аяр мамиле жасоону өз ишмердүүлүгүндө системалуу түрдө көрсөтөт. |

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

### 5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү

“Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле” дисциплинасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу 6-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**6-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Дисциплинанын коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредити | Аудиториялык иш, сааты | ССӨИ, сааты | Бардыгы, сааттар | Отчеттуулук (зачет / Зачет) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| В-6.05. | 4 | 4 | 64 | 56 | 120 | Экзамен |

«Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле» дисциплинасы боюнча дарстарды, практикалык сабактарды өтүү жана студенттин өз алдынча иштөөсү каралган. Окутуунун бардык формалары боюнча студенттер менен байланышта иштөөгө жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнө сааттар бөлүнүп көрсөтүлгөн дисциплинанын көлөмү 7-жадыбалда берилген.

**7-жадыбал. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү**

| **Окуу ишинин түрү** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 120 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 64 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 32 |
| Практикалык сабактар | 32 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 56 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 30 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, кластер, коцептуалдык карта даярдоо | 20 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 6 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: | Экзамен |

**5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну.**

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн тематикалык план 8-жадыбалда берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат.

**8-жадыбал. «ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕГИ КОМПЕТЕНТТҮҮ МАМИЛЕ» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| **Бөлүмдөр менен темалардын аталышы** | **Дарстар менен практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши (СӨИ)** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|
| Лекция №1 | Дарстын мазмуну: | **2 саат** |

| | | |
|---|---|---|
| Киришүү. | 1 . Дисциплинанын максаты, милдети.<br>Колдонулуучу технология: Киришүү дарсы | |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Ар бир студенттин күткөн натыйжасы жана сунушу<br>Компетенция, компетенттүүлүк<br><br>Колдонулуучу технология: кластер түзүү, компетенция боюнча | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Концептуалдык карта түзүү. | ***2 саат*** |
| Лекция №2<br>Окутуунун жаңы парадигмалары, негизги компетенциялар. | Дарстын мазмуну:<br>1. Окутуунун жаңы парадигмалары<br>2. Негизги компетенциялар<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Парадигма<br>2. Компетенция<br>Жөндөмдүүлүктөрдү жазуу менен 4 топко бөлүү.<br>1. Мугалим же тарбиячы кандай сапаттарга ээ болушу керек?<br>Колдонулуучу технология: кичи топтордо иштөө | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: Презентация | ***4 саат*** |
| Лекция №3<br>Билим берүүдөгү компетенттүү мамиле. | Дарстын мазмуну:<br>1. Компетенция жана компетенттүүлүк.<br>2. Мугалимдин компетенттүүлүгү<br>Колдонулуучу технология: | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Мамлекеттик билим стандартындагы компетенция<br>Колдонулуучу технология: Суроолор таажыгүлү | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>**Венндин диаграммасы, Сияев, Кибардина, Бекбоев** | ***2 саат*** |
| Лекция №4<br>Окутуунун жаңы парадигмалары | 1. Инструменталдык компетенция,<br>2. Инсандык компетенция<br>3. Түйүндүү компетенция<br>4. Атайын (профессионалдык) компетенция. | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Компетенция, компетенттүүлүк<br>2. Мамлекеттик билим стандартындагы компетенция<br>Топко бөлүү менен Венндин диаграммасын колдонуп, бири-биринин байланышын аныктоо<br>Колдонулуучу технология: Ротация методу | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: Суроолор таажыгүлү<br>**Суроо түзүү.** | ***2саат*** |
| Лекция №5<br>Компетенттүү мамиленин тарыхынан | 1. Компетенттүү мамиле жана Болон процесси<br>2. Бакалавриат системасынын мамлекеттик билим стандарты | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну: | *2 саат* |

| | | |
|---|---|---|
| | 3. Компетенция, компетенттүүлүк<br>4. Мамлекеттик билим стандартындагы компетенция<br>Талкуу. Жактоо.<br>1. Дискуссия методу<br>Колдонулуучу технология: Мозаика | |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: Презентация | ***4 саат*** |
| Лекция №6<br><u>Мектеп мугалимининин имиджи</u> | 1. Визуалдык элес;<br>2. Ички элес;<br>3. Менталитет. | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Текст боюнча суроо түзүү<br>Колдонулуучу технология: Таксономия Блум | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Мугалимдин,тарбиячынын дрес коду.(өздөрү түзөт)** | ***4саат*** |
| Лекция №7<br><u>Кеп жана коммуникативдик каражаттар</u> | 1. Вербалдык<br>2. Вербалдык эмес каражаттар | **1 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>✓ Пантомимо көрсөтүү. Мугалимдин жүрүм-туруму<br>✓ Ачык жана жабык суроолорду түзүү<br>Колдонулуучу технология: Таксономия Блум | *1 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Суроолорго жооптордун пирамидасы.** | ***2саат*** |
| Лекция №8<br>Түйүндүү компетенциянын жети тобу | 1. Инсандык<br>2. Баалуулук<br>3. Жалпы маданий<br>4. Окуп-таанып билүүчүлүк<br>5. Маалыматтык<br>6. Коммуникативдик<br>7. Социалдык-эмгектик | **1 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Ачык жана жабык тест түзүү<br>Колдонулуучу технология: Таксономия Блум | *1саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Тесттерди деңгээлине жараша түзүү** | ***4саат*** |
| Лекция №9<br>Мотив | 1. Мугалимдин мотивинин б.с. тийгизген таасири | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Ачык жана жабык тест түзүү<br>Колдонулуучу технология: Таксономия Блум | *1 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Тесттерди деңгээлине жараша түзүү** | ***2саат*** |
| Лекция №10<br>Эмоционалдык компетенттүүлүктүн түзүлүшү(4.4) | 1. Эмоция<br>2. Эмпатия | **1 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>✓ Видео:Эмпатия<br>✓ Ачык жана жабык тест түзүү<br>Колдонулуучу технология: Таксономия Блум | *1 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Тесттерди деңгээлине жараша түзүү** | ***2саат*** |

| | | |
|---|---|---|
| **1-модуль үчүн бардыгы** | **Дарс**<br>**Практикалык сабак**<br>**Студенттин өз алдынча иштөөсү** | ***16***<br>***16***<br>***28*** |
| | **2-модуль** | |
| **Бөлүмдөр менен темалардын аталышы** | **Дарстар менен практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши (СӨИ)** | **Сааттардын саны** |
| Лекция №11<br>Рефлексиялоо ишмердүүлүгү | 1. Рефлекция<br>2. Педагогикалык рефлекциянын өзгөчөлүгү<br>3. Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүндөгү рефлекциялык билгичтиктердин мааниси.<br>4. “Мен” концепциясын калыптоо | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Ачык жана жабык тест түзүү<br>Колдонулуучу технология: Таксономия Блум | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Элективдүү тест** | ***2 саат*** |
| Лекция №12<br><u>Мектеп мугалиминин креативдүүлүгү</u> | 1. Креактивдүүлүк категориясынын изилденүү абалы.<br>2. Креативдүүлүк категориясынын калыптанышы жана өнүгүшү | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Текст менен иштөө,<br>Колдонулуучу технология: Ротация | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Интеактивдүү методдорго көрсөтмө курал даярдоо** | **4саат** |
| Лекция №13<br>Баалуулук | 1. Окутуучулардын баалуулуктарынын башаты | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>✓ Мен киммин? Оюну. Баалуулуктарды табуу.<br>✓ Текст менен иштөө,<br>Колдонулуучу технология: Ротация | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Интеактивдүү методдорго көрсөтмө курал даярдоо** | **6саат** |
| Лекция №14<br>Коммуникативдүүлүк | 1. Башталгыч мектеп мугалиминин маалыматтык жана коммуникативдик технологияны өздөштүрүүсү<br>2. Кеп жана коммуникативдик каражаттар | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>✓ Коммуникативдүүлүк, канцептуалдык карта түзүү<br>Колдонулуучу технология: Интерактивдүү метод | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: тест түзүү** | ***2 саат*** |
| Лекция №15<br><u>Баалоо жана мугалимдин баалоо компетенттүүлүгү</u> | Баалоонун түрлөрү<br>Өзүн-өзү жана бири бирин баалоого үйрөтүү | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>✓ Тест 16 суроо(4:52)<br>✓ Анализдөө<br>✓ Төмөнку, ортоңку, жогорку деңгээл<br>Колдонулуучу технология: Тест | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: тест түзүү** | **2саат** |
| Лекция №16<br>Мугалимдин өзүн-өзү баалоосу | ✓ Топто баалоо<br>✓ Жекече баалоо<br>Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Суммативдик баалоо | **2 саат** |

| | | |
|---|---|---|
| | 2. Калыптандыруучу баалоо<br>3. Жыйынтыктоочу баалоо | |
| | ✓ Башталгыч класс үчүн бирдиктүү орфографиялык режим.<br>✓ Кыргыз тили<br>✓ Математика | *2 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: дептердин сыртын толтуруу, көнүгүү иштөө, үйгө тапшырманы аткаруу, текшерүү ишин жазуу, көрсөтмөлөрдү жазуу.** | 6 саат |
| Лекция №17 Класстык сабак-окутуу ишин уюштуруунун негизги формасы. | 1. Окуу ишин уюштуруунун формаларынын пайда болушу жана өнүгүшүнүн тарыхы боюнча кыскача маалымат.<br>2. Класстык сабак-окуу ишин уюштуруунуннегизги формасы катары. | **2саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Топ менен талкуу.<br>✓ Сабактын формалары жөнүндө түшүнүктөрүн бекемдешет.<br>Колдонулуучу технология: Акыл чабуулу | *1 саат* |
| | ✓ Окуучунун позициясында максат коюуга багыт алышат.<br>Максатын өзгөртүп түзүшөт. | *1 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Сабактын формаларына кластер түзүшөт.** | ***2 саат*** |
| Лекция №18 Класстык сабак-окутуу ишин уюштуруунун негизги формасы | 3. Сабактын типтери жана структуралары<br>4. Сабактын этаптарына коюлуучу талаптар | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Сабактын типтерине жараша структурасын топ менен түзүшөт.<br>Сабактын структурасын түзүү<br>Колдонулуучу технология: Ротация | *1 саат* |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Сабактын тибине жараша этаптардын бөлүнүшү (презентация) | *1 саат* |
| | **Студенттин өз алдынча иштөөсү: Сабактын структурасын түзүү көрсөтмө курал жасоо** | ***4 саат*** |
| **2-модуль үчүн бардыгы** | **Дарс**<br>**Практикалык сабак**<br>**Студенттин өз алдынча иштөөсү** | ***16***<br>***16***<br>***28*** |
| **Жыйынтыгы** | | **120 саат** |

## 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Тарбиялоо процессиндеги компетенттүү мамиле» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстардын негизги милдети – студенттерди ММКнын теориясы жана практикасы боюнча билимдер тутуму менен тааныштыруу. Дарстар дисциплинанын программасында

камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин коёт.

Даярдоонун багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык, компетенттүүлүктүк мамилени ишке ашыруу окуу жараянында студенттердин кесиптик көндүмдөрү менен компетенцияларын калыптандандыруу жана өнүктүрүү максатында сабак өтүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын (ишкер жана ролдук оюндарды, конкреттүү кырдаалдарды талдоону, психологиялык жана башка тренингдерди) аудиториядан тышкаркы иш менен айкалышта кеңири колдонулат.

### 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтыйт. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма.

**9-жадыбал. Интерактивдүү формаларда өтүлүүчү аудиториялык сабактардын үлүшү**

| Семестри | Сабактын түрү | Колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары | Сааттардын саны |
|---|---|---|---|
| 6 | Пд, ид | Проблемалуу дарс, илгерилетилген дарс | 32 |
| | | Аналитикалык жалпылоо, ассоциативдүү жазуу, «Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө, ротация, Т-схема, түрдүү булактар боюнча баяндама | 32 |
| **Жыйынтыгы:** | | | 64 |

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 100%ды түзөт.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550700 – Педагогика багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын чени түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун Экзамендик билеттери кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

